КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жыл 22-март. №4** **Боо-Терек айылы.**

**Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата районy боюнча филиалына Боо-Терек айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен 176242 сом акча каражатын которуу жөнүндө**

Айыл аймактык жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXIII сессиясы, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен 176242 сом акча каражатын которуу жөнүндөгү депутаттардын сунушун угуп, карап чыгып жана талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Айыл аймагынын айыл окмөтүнө тиешелүү: жер тилкелерине, көчөлөргө, көпүрөлөргө, арык-каналдарга, дренаждарга, маркумдардын мүрзө-бейит жайларына жана башка ушундай нерселерге мамлекеттик АКТыларын алуу үчүн "Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына" кайрылып жасатылып алынсын.

2. Айыл өкмөтүнүн каржы экономикалык бөлүмүнүн башчысына, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен Жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына **176242 (бир жүз жетимиш алты миң эки жүз кырк эки) сом** акча каражатын которуу жагы жүктөлсүн.

3. Айыл аймагынын айыл өкмөтүнө тиешелүү: жер тилкелерине, көчөлөргө, көпүрөлөргө, арык-каналдарга, дренаждарга, маркумдардын мүрзө-бейит жайларына жана башка ушундай нерселерге мамлекеттик АКТларын алуу үчүн иш алып баруу жана ар кандай материал иш-кагаздарын дайындоо жагы айыл өкмөтүнүн Жерге жайгаштыруу жана айыл-чарба боюнча башкы адисине тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышынын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Мамыралиев А.**